Каралды:

Педагогикалык кеңеш

№ 1

«30» 08 2022ж

"Бекитемин"

Х.Жээнбаев мектеп-лицейинин

директору

"2" 09 2022ж

## Окуучуларды которуу жана ич аралык аттестация жөнүндө жобо

### I. Жалпы жобо

1.1 Бул жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык иштелип чыккан. Өкмөттүн токтому менен типтүү билим берүү мекемеси жөнүндө жобо Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин мектеп жетекчилиги тарабынан билим сапатына мониторинг жүргүзүлөт.Жалпы билим берүү мекемелеринин жобосу, мектеп уставы жана актылар окуучулардын аттестациясынын мазмунунун ирээттүүлүгүн билдирет.

1.2 Кезектеги ич аралык аттестациясынын максаттары:

*Окуучулардын социалдык коргоосун камсыз кылуу, санитардык эрежелердин жана нормалардын негизиндеалардын укугун жана эркиндигин сактоо, инсан катары жана адамдык кадырын сыйлоо;

* Предмет боюнча окуу планынын эң керектүү компоненти, алардын практикалык ыкмаларынын, билиминин деңгээлин жогорулатуу;

* КРнын билим берүү стандартынын талаптарына бул деңгээлдин дал келүүсү;

* Окуу предметинин өтүлүшүн, окуу программаларынын календардык-тематикалык графигинин аткарылышын көзөмөлдөө.

1.3 Ич ара аттестация 2-8,10-класстарда өткөрүлөт.

1.4 Ич ара аттестация экиге бөлүнөт:

* Кезектеги- окуучулардын сабактык, чейректик (жарым жылдык) жыйынтыгын баалоо;

* Жылдык- тестирлөө, аңгеме, жазуу иштеринин жыйынтыгы.

### II. Окуучулардын кезектеги аттестациясы

2.1. Кезектеги аттестацияга бардык класстардын окуучулары катышат.



Сканировано с CamScanner

2.2. Окуучулардын кезектеги жетишүүсүн текшерүү "Баа системасы жөнүндө" жобо жана аттестацияны өткөрүү формасы, тарбиби мектептин Уставынын негизинде мугалимдер менен жүргүзүлөт.

2.3. Аттестациянын формасын мугалим окуучулардын контингентин эске алуу менен окуу технологиясын пайдаланып өзү аныктайт.

2.4. Жеке окуу планы менен окуган окуучулар планга киргизилген предметтерден аттестация беришет.

2.5. Окуучулардын чейректик баасы жазуу иштеринин жана оозеки жоопторунун негизинде коюлат.

2.6. I, II, III чейректин баасын жакшыртуу максатында 5-9 класстарга окуу планынын ар бир предмети боюнча чейректин бүтөөрүнө эки жума калганда чейректик баалар коюлат.

## III. Ич аралык (жылдык) окуунун аттестациясы

3.1. Бул аттестацияга бардык класстын окуучулары катышат.

3.2. Ич аралык аттестация жазуу жана оозеки формада өткөрүлөт.

3.3. Окуу жылдын тенин себептүү калтырган окуучу педагогикалык кеңештин чечими менен аттестацияга катышпайт.

3.4. Билим берүү мекемелеринде келишимдин негизинде окуган чет элдик жарандар аттестациядан өтүшөт.

3.5. Медициналык мекемеден тастыктамасы бар балдар аттестациядан бошотулат.

3.6. Кезектеги аттестациядан педагогикалык кеңештин чечими менен төмөнкү окуучуларбошотулат:

* бардык предметти "5" деген баага өздөштүргөндөр;

* Спорттун түрүнө курама команда менен баргандар, олимпиадага, спорттук мелдештерге, сынактарга катышкандар;

* чет өлкөгө кетүүчүлөр;

* узак убакыт ден соолугун чыңдоочу мекемеде дарылангандар;

* Дарылануу-профилактикалык мекемесинде 4 айдан көп убакыт болгондор.

3.7. Бошотулгандардын тизмеси мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.

3.8. Окуу предметтеринен жылдык баасынан "2" алган окуучулар аттестациядан өтүүгө милдеттүү.

3.9. Кезектеги аттестациянын өтүү расписаниеси, аттестациялык комиссиянын курамы, консультациянын графиги мугалимдерге, ата-энелерге 2 жума эрте маалымдалат.



Сканировано с CamScanner

3.10. Жазуу иштеринин тексти, оозеки билеттер мугалимдер тарабынан даярдалып усулдук бирикмеде бекитилет. Экзамендик материалдар аттестацияга чейин эки жума мурун окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарына берилет.

3.11. Көчүрүү экзамендерин сабак берген мугалим ассистенти менен кабыл алат. Аттестациялык комиссиянын курамы мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.

3.12. Аттестациянын жыйынтыгы "5" баллдуу системада бааланат. Баалар сынактын токтомуна түшүрүлөт. Сынактын тапшыруу түрү жазылат жана окуучунун алган баасы класстык журналга коюлат.

3.13. Сынакты "Канааттандырарлык эмес" тапшырган окуучу белгиленген убакытта кайрадан тапшырылат.

3.14. Чейректик, жылдык баалар каникулга 2 күн калганда коюлат.

3.15. Аттестациянын жыйынтыгын класс жетекчи окуучуларга, ата-энелерге жеткирет. Жазуу билдирүүсү окуучунун өздүк делосунда сакталат.

3.16. Эгерде окуучу же ата-энеси аттестацияда алган баасына макул болбосо мектеп директорунун буйругунун негизинде сынак кайра тапшырылат.

## IV. Билим берүү мекемелеринде кезектеги аттестациянын жыйынтыгынын иш кагаздарын даярдоо

4.1. Аттестациянын жыйынтыгы берилген сабактар боюнча өтүүчү графага коюлат. Жыйынтык баа 31-майга чейин коюлуп бүтүшү керек.

4.2. Окуучунун аттестациядан "2" алгандыгы тууралуу, ошол класста кайра окушу же шарттуу түрдө көчүшү тууралуу ата-энелерге өз убагында жазуау түрүндө билдирүү берилет.

4.3. Окуучулардын аттестацияда алынган жазуу иштери, оозеки жоопторунун токтомдору билим берүү мекемесинде 1 (бир) жыл сакталат.

## V. Кезектеги аттестацияга даярдануу, өткөрүү жана бүтүрүү мезгилинде билим берүү мекемелеринде администрациянын милдеттери

5.1. Окуучуларды аттестацияга даярдоо учурунда мектеп администрациясы төмөнкүлөрдү аткарат:

* Баа коюу системасын (жыйынтыг боюнча) талкулоо өткөрөт;
* Аттестациялык комиссиянын курамын бекитет;
* Аттестациялык материалдардын экспертизасы уюштурулат;
* Аттестациянын графиги түзүлөт, бекитилет;
* Аттестацияга даярдануу боюнча консультациянын графигин түзөт;



Сканировано с CamScanner

* Аттестациянын тиешелүү деңгээлде өтүлүшүн көзөмөлгө алат.

* Аттестация аяктагандан кийин усулдук бирикмеде аттестациянын өтүлүшүн талкуулайт.

## VI. Окуучуларды көчүрүү

6.1. Окуучулар кийинки класска педагогикалык кеңештин чечими менен которулат.

6.2. Окуу программасын канааттандыраарлык өздөштүргөн 2–8,10 класстын окуучулары класстан класска көчүрүлөт.

6.3. Башталгыч жана негизги билим берүү этабында бир сабактан жыл ичинде "канааттандыраарлык эмес" баасы бар окуучулар кийинки класска шарттуу түрдө көчүрүлөт. Бул окуучулар кийинки окуу жылы башталганга чейин тиешелүү тапшырмаларды аткарып, мектептин буйругунун негизинде кийинки класска көчүрүлөт.

6.4. Эки же көп сабактан жетишпегендер, көчүрүү сынагын ийгиликтүү тапшырбагандар, окуу программасын талапка ылайык өздөштүрбөгөндөр педагогикалык кеңештин чечими менен ордуна калтырылат. Бул тууралуу ата-энесине маалымдалат.

Сканировано с CamScanner